# СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕР

**Кыдыралиев С.**

## Эгемендүүлүк, жаратылыш ресурстары жана билимдүүлүк.

Глобалдаштыруу шартында дүйнөнүн жаратылыш ресурстары адистешкен, кубаттуу эл аралык күчкө ээ болгон компаниялардын колуна өтө турганы баарыбызга маалым. Биздин өлкөбүзгө окшогон жаъы гана эгемендүүлүккө ээ болуп, экономикалык жактан бутуна тура элек мамлекеттердин жаратылыш ресурстары эл аралык кубаттуу тоо кендерин иштетүүчү, өсүмдүктөрдүн жемиштерин кайра иштетүүчү, дары-дармек чыгаруучу ж.б компаниялардын курмандыгы болоору ачыктан ачык көрүнүп калды. Мисалы, Ысык-Көл областынын алтын кендерин Канаданын, Нарын областынын алтын кендерин Россиянын, Алай районунун алтын кендерин Кытайдын, Талас областынын алтын кендерин Бельгиянын компаниялары өздөштүрүп, Кыргызстанга аз гана үлүшүн жана өндүрүш калдыктарын калтырышууда. Нефть ресурстарына да Кытайдын, Россиянын компаниялары киришти. Башка жаратылыш ресурстары деле ушундай болуп жатат. Эгерде ушул өндүрүүчүлөрдөн өлкөбүзгө киреше киргенде анда өлкөбүздүн сырткы карызы азайып калаар эле. Демек алар дээрлик пайда алып келбейт десек болот. Мамлекет коомчулук менен бирге иш алып барбайт. Ошол эле учурда Кыргызстандын алдуу күчтүү жарандары жумушсуздуктун айынан өлкөнү таштап, Россиянын жана башка күчтүү өлкөлөрдүн жарандыгын алып кетип жатышкандыгын күн сайын көрүп жатабыз. Бул учурда биздин мекенибизди ким мекендейт, өлкөнүн келечеги кандай болот? Же өлкөбүз жок болуп кетеби? деген суроолор туулбай койбойт. Кыргызстанды мекендеш үчүн акылдуу, алдуу-күчтүү, көр оокаттан жогору турган, коррупциядан оолак болгон, мекендин келечегин ойлогон патриоттор керек болуп жатат. Эмне үчүн Кытай жараны Кыргызстанга келсе, ал өзүнө-өзү жумуш таап, киреше таап, бутуна туруп кетет? Эмне үчүн Кыргызстандын жараны өзүнүн жерин өздөштүрүп, киреше таба албай, башка өлкөгө кул болуп кетип жатат? Эч кимге жашыруун эмес, биздин жогорку маалыматтуу, университеттерди бүтүргөн жарандарыбыз Россияда көпчүлүгү кара жумуш жасап жүрүшөт. Демек, биздин билим берүү системабыз мекенди мекендей турган, жаратылыш ресурстарын иштете ала турган адистерди даярдай албайт десек болот. Муну моюнга албасак болбойт. Демек биз билимдүү, көптү билген адистерди даярдаганыбыз жетишсиз. Ошондуктан биз мындан баш тартып колунан иш келген (компетенттүү) өзүнө өзү иш таап, үй бүлөсүнө жана туугандарына иш, айлык акы таап бере ала турган адистерди даярдашыбыз керек. /1,2,3/ Азыркы глобалдаштыруу шартында, билим берүү жана илим министирлиги, Баллон системасына кошулуп, Европанын стандартына жооп берүүчү адистерди даярдап жатканы мекенди мекендөө шартына жооп бербейт. Башка мамлекеттерге көчүп кетүүчү, Кыргызстанда жашай албай турган адистерди даярдоого гана жооп берет. Ошондуктан биз колунан иш келүүчү (компотенттүү) адистерди даярдоого өтүшүбүз керек. Ал үчүн билим берүү стандарттарын өзгөртүп, билимдүүлүктөн колунан иш келүүчү жөндөмдүүлүк принцибине өтүүбүз абзел. Колунан иш келүүчү принцибинин негизин мекенди мекендөө принциби түзүш керек. Мекенди мекендеш үчүн, мекенибизде бар жаратылыш ресурстарын өзүбүз өздөштүрүп, товар чыгарып дүйнөлүк рынокко өзүбүз алып чыгышыбыз керек. Кыргыздан башка эч ким кыргыздын эгемендиги үчүн күрөшпөйт. Кыргыздар гана Кыргызстандын эгемендүүлүгү үчүн күрөшөт. Биз ушуну даана түшүнүшүбүз керек. Биз билим берүү жана илим министрлигинин атын башка коюшубуз керек. Эгер орустардан туура которсок «министерство образования» «жаратуу министерствосу» деп которулат. Биз муну башында туура эмес которуп алганбыз. Ошондуктан билимди жаттап, алып кайра берүүчү министерство кылып алганбыз. Министерствонун атын «жаратмандыкты, жөндөмдүүлүгүн пайда кылуучу министерство» деп атасак туура болот. Ошондуктан жаратмандык жөндөмдүүлүктөрдүн тизмесин түзүп, ошол жөндөмдүүлүктөрдү пайда кылуучу

стандарттарды түзүп, ошого жараша окуу пландарын түзүп, окуу пландарын өзгөртүшүбүз керек. Мисалы Россияда самолет куруучу, корабль куруучу, таък куруучу, кара жана түстүү металлдарды өндүрүүчү жана башкача аталган, тиешелүү жөндөмдүүлүктөрдү пайда кылуучу университеттер жана институттар бар. Ошондуктан, орустардын жаратман жөндөмдүүлүктөрү кыргыздардыкынан жогору турат. Буга Кыргызстандын базаларындагы орустардын сатуу үчүн чыгарган товарларынын сапаты толук күбө боло алат. Сакал алуучу приборлордон баштап, минип жүргөн машиналарга чейин көрүнүп турат. Демек элдин жөндөмдүүлүгү, өлкөнүн байлыгын, кудуретин, кубаттулугун, жогорулатат, башкача айтканда, өлкөнүн башкаларга салыштырмалуу даражасын аныктайт. Капитализм учурунда жаратман жөндөмдүүлүгү биринчи орунга чыгат. Рынокто кимдин колунда сатыла турган керектүү товар болсо, ошол бай болот, көз карандысыз болот. Кыргызстан дүйнөлүк рынокто аксап жатат. Атап айтсак экспортко чыгаруучу товарларыбыз дээрлик жок. Болсо да өтө аз. Импортубуз көп. Себеби, дегенде экспортко товар чыгаруучу жөндөмдүүлүгүбүз аз. Анын ордуна экспортко жумушчу күчүн чыгарып, жаъы жаш кулдарды пайда кылып жатабыз.

Жаратмандык билим, жаратмандык жөндөмдүүлүктү пайда кылыш үчүн, реформаны мектептен башташ керек. /4/ Экспортко товар чыгарыш үчүн жаратмандык жөндөмдүүлүк жана жаратылыш ресурстары керек. Жаратылыш ресурстары дегеле өлкөдөгү сууну, минералдык жана органикалык заттарды түшүнөбүз. Бардык товарлар жогорудагы материалдардан жасалат. Буларды жасоо үчүн таланттуу жөндөмдүү адистер керек, башкача айтканда өзүбүздү өзүбүз даярдашыбыз керек. Көпчүлүк учурда мындай иштерге инвестиция жок, акча жок, ал жок бул жок деген шылтоолрду айтышат. Аш тойлорду азыраак кылып, коррупциядан оолак болуп, үнөмдүү жашасак баары табылат эле. Көпчүлүк учурда бизде каалоо жок жөндөмдүүлүк жок деп айтар элем! Коррупцияга батып, чыга албай жатабыз.

Эми Кыргызстандагы илим жөнүндө айтсак. Бизде жүргүзүлгөн, жүргүзүлүп жаткан илим изилдөө иштери, элдин жаратман жөндөмдүүлүктөрүн пайда кылып жатабы же жокпу? Илимий изилдөөнүн негизинде биздин окумуштуулар экспортко товар чыгара алышабы? Ушул суроонун айланасында сөз кылсак. биздин башка илим изилдөөчү ишканабыз Улуттук илимдер академиянын отчөтторун окусак төмөнкүлөрдү байкайбыз;

1) Илим изилдөөгө мамлекеттик бюджеттен кеткен акча экономикалык эффект бербейт, б.а. кеткен чыгаша өзүн өзү актабайт.
2) Көпчүлүк илимий жаъылыктар жөнөкөй процесстерди, курамдарды татаалдаштырып, баш айландыруу жолу менен алынат. Натыйжада илим өндүрүштөн алыстап, ишке түшпөй калат.
3) Көпчүлүк илимий иштер географиялык, биологиялык көзөмөл жүргүзүүгө арналган, б.а. бир нече ондогон жылдар бою жүргүзүлгөн илимий жумуш географиялык биологиялык өзгөрүүлөрдү сүрөттөгөн отчетор менен бүтөт. Өлкөнүн кубаттуулугун, жөндөмдүүлүгүн арттырууга бир тыйын дагы пайдасы жок.
4) Жогорку окуу жайларындагы илим изилдөө иштеринин жыйынтыктарын алып карасак, бул жерде деле жогорудагыдай кемчилдиктер байкалат. Бир сөз менен айтканда биздин илимибиз жаъы билим алууга багытталган. Көпчүлүк отчөттор жана диссертациялар «билимдин горизонттун кеъейтип койдук» деген сөздөр менен бүтөт. Жаъы технологияларды жаратып, экспортко жаъы товар чыгардык деп бүткөн илимий жумуштар дээрлик жок. Эгемендик жылдарында бизде бир да илимий ачылыш болгон эмес. Мамлекет жана бизнесмендер илим изилдөө ишканаларына эч кандай заказ бербейт. Заказ берип натыйжа алууга умтулбайт. Илим изилдөө окумуштууларды кызыктырган, демилге боюнча жазылган проектер боюнча жүргүзүлөт.

**Эми макалабыздын жыйынтыгын чыгарсак:**

1 Өлкөбүздүн эгемендүүлүгүн сакташ үчүн кыргыз улутундагы жарандарыбызды чет жактарга кетирип кыргыздарды таратып жибербешибиз керек. Кыргыздар азайып кетсе Кыргызстан Кыргызстан болбой калат.
2 Ал үчүн өлкөбүздүн жаратылыш ресурустарын өзүбүз өздөштүрүшүбүз керек. Демек биз жаттап алган билимибизди жаратман жөндөмдүүлүккө айландырышыбыз керек.
3 Жаратман жөндөмдүүлүк (компетенттүүлүк) элибизге өзүнөн өзү келбейт. Ал үчүн азыркы билим берүү системасын, билим берүүдөн, билип коюудан, жаъы жаратман жөндөмдүүлүктү, колунан иш келүүчү (компетенттүүлүктү) пайда кылуучу системага өткөрүүбүз керек. Демек, биз мектептерди, жогорку, орто окуу жайларын, илим изилдөөнү жаратмандык жөндөмдүүлүгү бар, коррупциядан оолак болгон адистерди даярдоого багытташыбыз керек. Кыргызстанды көчмөндүк психологиядан арылтып, өнөр жайлуу улутка айландырышыбыз керек.

***Адабияттар***


1. *Кыдыралиев С.* Кыргызстандын билим берүү системасы жана базар экономикасы - ШООКУМ №10, 2008 9-11 бет.
2. *Кыдыралиев С., Мараимова Н.М.* О выработке стратегии развития образования в Кыргызкой республике в условиях глобализации. Материалы между народной научно практической конференции «Актуальные проблемы социально-экономического развития Кыргызстана» Жалал-Абад 2008. стр.108-109.
3. *Кыдыралиев С., Иманкулов З.* Кыргызстандын билим берүү стратегиясын иштеп чыгуу маселеси. Симпозиумдун материалдары «Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин стратегиялык мааниси жана окуу куралдарынын сапаты» «Ыйык ата журт» коому. Бишкек -2008.
4. *Кыдыралиев С.* Кыргызстанга товар чыгаруучу эмгектин идеалогиясы керек. Материалы пятой региональной научно-теоретической конференции «Современные проблемы науки, техники и образования» Жалал-Абад-2006 стр. 19-22.


* * *